САЙРА БАТЫРКУЛОВА

# СҮЙҮҮ КӨКТӨМҮ

2018

САЙРА БАТЫРКУЛОВА

# СҮЙҮҮ КӨКТӨМҮ

*(ырлар)*

Кара-Кульская
Детская
БИБЛИСТЕКА

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
ОКУУ ЗАЛЫ
Инв. № 458

Бишкек – 2012

**УДК 821.51**
**ББК 84Ки 7-5**
**Б28**

Китеп Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын төрагасы М. Р. Назарбековдун жалпы редакциясы астында чыгарылды.

Батыркулова С.
**Б28** Сүйүү көктөмү: – Ырлар.-Б.: 2012. – 33 б.

**ISBN 978-9967-446-63-2**

Жаш автор Батыркулова Сайранын бул алгачкы ырлар жыйнагына жан дүйнөсүнө тынчтык бербеген лирикалык маанайдагы жана ар кыл темадагы ой-чабыттарын чагылдырган ырлары топтоштурулду. “Нурборбор” Эл аралык чыгармачылык академиясы тарабынан тандалып алынып, талкуулангандан кийинки сунушу менен жарыкка чыгарылды.

**Б 4702300200-12**

**УДК 821.51**
**ББК 84Ки 7-5**

**ISBN 978-9967-446-63-2**

©Батыркулова С., 2012

Мазмуну

Апама ..... 4
Айжаным ..... 5
Ыр дүйнө ..... 6
Мезгил шары ..... 7
Сен мендиксиң ..... 8
“М ...” ..... 9
Келе бер... ..... 10
Суктанам ..... 11
Күткөнүм бар... ..... 12
Сүйгөнүңө узаттым ..... 14
Дүйнөм урап ..... 15
Жаңылдым ..... 16
Мен ким элем, ким болуп баратамын ..... 18
Ак таң ..... 19
Ушул кадам ..... 20
Эргүү ..... 21
Кызганыч ..... 22
Кечирип кой ..... 23
Көрсөм болду ..... 24
Үнсүздүк ..... 25
Көктөмдө ..... 26
Өксүп калды чечимим ..... 27
Кайрымы жок махабат ..... 28
Күтүү ..... 29
Өзгөрөм ..... 30
Айтпай калгам... ..... 31
Алыстык жана жакындык ..... 32
Жоготуу ..... 33
Күтүү чыдамы ..... 34
Төрт саптар ..... 35
Таарыныч ..... 37
Аярлачы махабат алыс кетпей ..... 38

## Апама

Туу кармаган тирүүлүктүн желегин,
Таазим кылам кайратына энемдин.
Туулган күнү алтымышка баратат,
Тартуу болсун ырдан кылган белегим .

Кандайынан болсо дагы жагдайым,
Кайсыл убак, айылга, үйгө барбайын.
Апам менен аалам жарык сезилип,
Берекеси толот үйдүн ардайым.

Кокус эле көрүнбөсө карааны,
Көз ирмемде булут басып санааны.
Босогодон аттай албай жүрөксүйм,
Көрүнгөнчө убай тарткан жамалы.

Саам өтпөй санааларга чөмүлөт,
Оорудубу? Оюм онго бөлүнөт.
Ак таңымдай анан көңүл жайгарып,
Калдастаган тааныш караан көрүнөт.

Кагылайын карааныңдан берекем,
Сенсиз дүйнө бир сабынан кем экен .
Уул-кыздын урматына бөлөнүп,
Узак жаша убай тартпай энекем.

Өмүр өтөт, мезгил аны табалап,
Саамай чачың буурул тартып баратат.
Тирүүлүгүң тоодой кубат биз үчүн,
Төрүбүздө жүрсөң экен саламат.

Жаратканым жалгыз тилек сурайын,
Алтын апам айланайын, Умайым.
Көп жашасын майрамына мен дагы,
Жазган ырым кучак кылып сунайын.

**Айжаным**

*(кызым Айжанга)*

Токтоолук токуп көңүлдөн,
Эртеңим сурап өмүрдөн.
Эселек кезге кош айтып,
Эне болдум өзүм мен.

Карагаттай көзүңдөн,
Кагылам ширин сөзүңдөн.
Өжөрлүк кылып чыр салсаң,
Өзүмдү көрөм өзүңдөн.

Баа жеткисим, байлыгым,
Бүтпөс ырым, кайрыгым.
Балам бакыт тартуулап,
Балалыктан айрыдың.

Күлкүсү көңүл улаган,
Кылыгын көрүп кубанам.
Кысымы турмуш алсырайт,
Кубатым кызым уланам.

Аруу желдей айдарым,
Ак таңдай тунук жайдарым.
Акылы тетик, кыялкеч,
Аман бол кызым Айжаным!.

## Ыр дүйнө

Абийириме турсам дагы жектелип,
Аракетим акча тапка беттелип.
Алпурушуп сүңгүп бара жатыпмын,
Аруу дүйнөм ачкөздүккө тепселип.

Каалагандай калчаса да өкчөлүп,
Көр оокатка жамаачыдай көктөлүп.
Көмөчүмдүн күлүн ойлоп калыпмын,
Көкүрөгүм соолуп улам бөксөрүп.

Желе басып жаркыраган дүйнөмдү,
Караңгылык каптап, ташын үйгөнбү.
Көрбөй көзү көкүрөктүн бүтөлүп,
Качан кантип бул адатты үйрөндү.

Билбейм кантип арсыздыка жол бердим,
Билигиңде күйбөй сезим кор жедиң.
Эргүү болду, зэр басып оодарып,
Буюкканда бутага аткан мергеним.

Жеңишинде өзөн бууган жайыктын,
Жаман адат, илдеттерден айыктым.
Жалын жагып үшүк алган сезимге,
Жакшы ырларга жан дүйнөмдү байыткын.

Ырыскыма ырдан кадам таштalып,
Жаман ойду жолотпоюн ташка алып.
Аруулукту орнотоюн көөдөнгө,
Бүт дүйнөмдү ырлар менен башкарып .

## Мезгил шары

Сүйлөшүп алышкансып өмүр бары,
Ээрчишип жыл артынан жылдар дагы.
Шартылдап шаштырууда албууттанып,
Кайдадыр улам сүрөп мезгил шары.

Көркү укмуш жолу татаал жашоо белес,
Билемин кечээгиден калган керез.
Мейманбыз тирүүлүккө бир жаралган,
Жер кыртышы  түбөлүк турак эмес.

Өкүнбөйм эске салып өмүр азын,
Ансыз да түгөнбөгөн түйшүк арбын.
Азык кылып жаныма жаштыгымды,
Кут кылам ар бир күндүн аткан таңын.

Көр дүйнө эмес аруулук сүйдүрүүдө,
Ашыкпа мезгил шары бүлдүрүүгө.
Байлык, же бийлик эмес беттегеним,
Максатым асыл ойго үлгүрүүдө.

## Сен мендиксиң

Сен мендиксиң! Сен мендиксиң, себеби,
Ашыктыктын тартып бүттүм жазасын.
Экөөбүзгө сен көрсөткөн жылдыздын,
Жарымтүндөсурапалдымбатасын.

Сен мендиксиң!Жаштыккылыпжаңылып,
Балкимазыртуюнаалбайжатасың.
Бактыңболуп мен тууруңа конгондо,
Түзөтөөрсүңкемтигиңдинкатасын.

Сен мендиксиң! Башкысебепмахабат,
Сен ууболуп мен ууладымжашжаным.
Өз бактымдын пайдубалын курууда,
Жол бошотпойм бактысына башканын.

Сен мендиксиң! Сен мендиксиң! Себеби,
Ашыктыктын тартып бүттүм жазасын.
Жараткандан жарың болуп калууга,
Жарымтүндө сурап алдым батасын.
Сен мендиксиң!

## “М ...”

Багытымды кыял баштап жөндөсө,
Бөтөн айтып басканымды сөздөсө.
Эл көзүнө токтоо болуп тура албайм,
Эмне кылам эрким ага көнбөсө.

Чымырканып акыл ойду көздөсө,
Чыдаар эмес чын сезимим көрбөсө.
Оттой жанган каректериң сагынтып,
Өрттөп барат өзөгүмдү өзгөчө,

Жалбырттаган жалын күчөп өрдөсө,
Жылдар жылбай жаныбызда төлдөсө.
Арзуу күчөп арабызды түбөлүк,
Жакындатып жарым мүнөт бөлбөсө.

## Келе бер...

Азыгым арзуу болуп түгөнбөгөн,
Гүлзар кылып тектирди гүл өнбөгөн.
Закымдарга чайкатпай сезимдерди,
Тамчы төкпөй өзүңө үнөмдөгөм.

Чимирилген уз колунда ийиктей,
Чырагында жаркып күйгөн биликтей.
Көкүрөккө байлык жыйып күтүнөм,
Жылдыздардан келериңди иликтей.

Өөрчүп улам өр таянган бийиктей,
Өмүр бою жарык болчу үмүттөй.
Өргөө тиктим өзүң үчүн келе бер,
Жакшылыкта жарыш салган күлүктөй.

## Суктанам

Алоолонгон толкунуңа кабылып,
Арзып сүйдүм сезимиме багынып.
Татканымды таттуу кылдың, сүйүнөм,
Таалайыма калганыңа табылып.

Капалыгын айдап салып санаанын,
Жарык чачкан фонарындай калаанын.
Түгөл кылып төрт тарабын дүйнөмдүн,
Төгүлөсүң жайнап турат жамалың.

Алыс көрүп аралыкты кенебей,
Акыл менен сабырымды ченебей.
Кайра өзүңдү көргөнүмчө кызганыч,
Тумчуктурат торун жайып желедей.

Карегимди кадасам да жадабай,
Көз кумарым такыр сенден тарабай.
Эси жоктой эбин таап эрдиңди өөп,
Эркелегим келе берет баладай.

Бийик бирок туңгуюктан чыкпаган,
Бир үн менен чоочун адам укпаган.
Көңүлүмдө кымбат сөзүм кайталап,
Кыялымда далай сага суктанам.

## Күткөнүм бар...

Уурданып сулуу жигит тиктебечи,
Ураган көңүлүмдү түптөбөчү.
Ансыз да жарааты оор жоокердеймин,
Ансайын арбын азап жүктөбөчү.

Карегиңди суранам кадабачы,
Кайрат керек чыдоого ага дагы.
Азык кылып акыркы үмүттөрдү,
Алдап багып келатам кара жанды.

Жайдарысың жаркылдап жайнап күлүп,
Жаралуу жүрөгүмө салба бүлүк.
Түшүнсөң түн уйкумдан калам далай,
Чырагымды өчүрбөй аны күтүп.

Боз туманга көз артып адырдагы,
Кездешчү күндөрдү эстеп жадымдагы.
Күүгүмдө күтмөйүм бар адатымча,
Жол карап чыккам мына азыр дагы.

* * *

Бейтааныш күткөнүм бар адам сендей,
Күттүрүп кээ бир күнү коёт келбей.
Жанда жок кош карегин сагынгам го,
Жүрөгүм туйлап турат ээлик бербей.

А балким келээр бүгүн карабачы,
Ак сүйүү арнап бирөө сага дагы.
Жол карап жактан чыгаар мен өңдөнүп,
Калтырчы карегиңден ага дагы.

Ал мага чынын айтсам артык жандан,
Кареги сеникинен күчтүү жанган.
Карабай далай кежир кемчилигин,
Мен анан оттуу көзүн сүйүп алгам.

## Сүйгөнүңө узаттым

Таалайыңдын жаңы атчу таңына,
Тандап алдың артык көрүп башканы.
Тегеренип карегимден кулады,
Тоголонуп жоготуунун жаштары.

Бийик ойлор бырчаланып кесилип,
Бүт дүйнөгө ишеничим кетилип.
Тескей ашпай тизгин бошоп куладым,
Таттуу кыял токулгасы чечилип.

Түнүң бейпил түбөлүгүң түз болсун,
Таңдан баштап ал сулуунун жарысың.
Татыктуу өмүр анан бакыт кааладым,
Турса дагы тызылдатып намысым.

Күйүт күчү көкүрөктү куйкалап,
Күчү жаным жарыгында чырактын.
Карааныңа кайыр айтып коштошуп,
Сүйгөн үчүн сүйгөнүңө узаттым.

## Дүйнөм урап

Каректериң мурдагыдай от чачпай,
Кабагыңдын бүркөлгөнүн көп көрөм.
Катарында кабарыңды биле албай,
Кемип назым кысымынан бөксөрөм.

Кургак учук куруткандай өпкөнү,
Күмөн ойлор акылыма көк бөрү.
Көңүл ооруп, ишеничим чайпалат,
Күзгө айланып, күтүп алган көктөмү.

Мөмө сыяк үшүк калган капталы,
Мээрим төкпөй махабаттын аптабы.
Мээнет тарткан үмүтүмдүн өңү азыр,
Мезгили өткөн жалбырактай сапсары.

Уулангандай кылыгына өзгөнүн,
Убай салат оруну жок сөздөрүң.
Узун түнгө уурдаткандай бактысын,
Урап дүйнөм күчү жашта көздөрдүн.

## Жаңылдым

Билбейм деги тайкысыбы багымдын,
Бүлүк түшүп сындым дагы жаңылдым.
Седеп кылып көкүрөккө тагынып,
Сен деп келгем сүйүүдөгү табылгым.

Толот дегем жарымысы жанымдын,
Толбостугун кайдан билдим жаңылдым.
Тагдырыма таарына албай айлам жок,
Толкуп келип томсорууга кабылдым.

Алоосу өчүп, жалбырттаган жалындын,
Арман арбап, азабына багындым.
Мээримине жылынам деп арзуунун,
Мен эңсеген махабаттан жаңылдым.

* * *

Жылып аккан жылгадагы булактай,
Колго тийсе кылтылдаган бубактай.
Албууттанган дайра сымал махабат,
Кубаныч, кайгы берет тура суратпай.

Кечээ гана алтын учур жүз сүйүп,
Бешенеме алтын учур түз тийип.
Жаздай жакшы маанай кийген көңүлүм,
Бүгүн минтип капа тартты күз кийип.

Үмүт бүлбүл араң күйгөн чырактай,
Көкүрөктү ыза кыйнайт чыдатпай.
Түгөйүң жок калдыңбы деп мага окшоп,
Түнкү асманда шылдыңдап Ай сызат жай.

Сен деген ой үмүттөрүм чектелип,
Сезимдерим жалгыздыкка бет келип.
Кубат кылган ишеничим куруду,
Санаалардын салмагына тепселип.

Кош деп бирок кол булгалап узатпай,
Кечээги күн байлап мени тузактай.
Кежирликке кемирилген кайратым,
Курчу кетип мокоп турат бычактай.

Жоругуңа турсам дагы күйүгүп,
Жолдорубуз кайчы кетпей биригип.
Жарашсак да жаракасы көңүлдүн,
Жамаачыдай турар дайым билинип

Ч.-Кульская
Детская
Библиотека

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
ОКУУ ЗАЛЫ
Инв. № 458

## Мен ким элем, ким болуп баратамын

Эптештирип жүрө албай кара жаным,
Мен ким элем, ким болуп баратамын.
Иретсиз ойлорумду топтоп алып,
Иргей албайм, үмүткө жараганын.

Көңүлүмдүн тыя албай самаганын,
Мен ким элем, ким болуп баратамын.
Эрдим кургап кыялым закым болот,
Эстен кетпей эзиле караганың.

Ырымчылдай ыроолоп талашамын,
Ысып күйсө жакшыга алаканым.
Элдешкени а балким келатат деп,
Эртели кеч узун жол караганым.

Ар кечте арууланып жаңырамын,
Мүмкүн бекер бүгүн да жаңыламын.
А бирок көңүл күтүп турса кантем,
Эрегишпей эңсөөмө багынамын.

Сүйүүнүн тилеп аптап саратанын,
Сагыныч куса ырын жаратамын.
Сезимде майрам шаңы күүсүн кагып,
Сага мен билбей качан жанашамын.

Калаадагы көп кабат бийик үйдөй,
Кабагыма кош-коштоп санаа үйбөй.
Капырай, жетек болуп койсоң боло,
Өзүңсүз май чырагым турат күйбөй.

Чубалган аягы жок узун жолдой,
Чеги жок мелтиреген мухит болбой.
Чечилип күткөн сөзүм айтсаң боло,
Чынына чын бакытым турат толбой.

## Ак таң

Ай сенин таттуу тилиң көңүл тапкан,
Тана албайм таанышканда сөзүң жаккан.
Эсимде өмүр бою жатка калаар,
Биз тоскон ошол күнкү сулуу ак таң.

Айлуу түн улам узап сырын каткан,
Салкын жел, а айлана ирең-бараң.
Асманда жалгыз жылдыз, жерде экөөбүз,
Өбүшүүгө өтө март сөзгө сараң.

Тартылып караңгылык дүйнө жапкан,
Тынч алып Ысык-Көл да толкун чачкан.
Чыгыштын ак шоокумун айтып бүткүс,
Ал күнү кереметтүү ат таң аткан.

Көрүүгө ошол күнкү сулуу жүзүң,
Көп сырдуу кереметтүү ак таң үчүн.
Эч ойлонбой шарт макул болоор элем,
Өмүрүңдүн бер десе калган күнүн.

## Ушул кадам

Ушул кадам урмат алаар сыйымдыр,
Же жаңылып жаш төгүлөөр ыйымдыр.
Таамай чыгаар балким ката максатым,
Тагдыр мени табың менен жылындыр.

Курган үмүт, курган үмүт кыйылгыр,
Тизгин тартып токтобойсуң тыйылгыр.
Балким сүйөт, үн катпаса жашырып,
Махабатты моюнга алуу кыйындыр.

## Эргүү

Көөдөнгө орноп алып жакшы учурум,
Көңүлүм кыйырында жактыруунун.
Карааныңды кызганып күндө коруп,
Кыйналып жатсам деле бактылуумун.

Күндөрүм катарында жакшыруунун,
Кыйрагам, бирок азыр бактылуумун.
Чөмүлүп кетким келет карегиңе,
Чеги ушул ченеми жок жактыруунун.

## Кызганыч

Карааныңды көргөндө эле кыйладан,
Кызык абал ийлеп алат туйлаган.
Кылак этип чыга калат кызганыч,
Кайратымды кармасам да буйладан.

Сен дегенде  кеңдигиме сыйбаган,
Сезим келет көңүлүмдү кыйнаган.
Суук көздөн сактоо үчүн жан үрөп,
Сарптап келем бар күчүмдү жыйнаган.

Буурул таңда мээрим сезип шооладан,
Бүгүн дагы карегимди суулагам.
Өзгөлөргө бийлетпөөгө ант берип,
Өзүм анан өз оюма ууланам.

Мурун деле сүйгөн жаным куураган,
Бирок мындай сабыр чегин бузбагам.
Көз мончоктой, көйнөгүңө тагылып,
Билбей сени неге мынча кызганам.

## Кечирип кой

Кара басып ката туура сезилип,
Калпыс ойго кызганычка жеңилип.
Кокусунан көңүлүңдү оорутуп,
Кирдеттим го, менден кетти чекилик.

Көңүл назик жылуулукту жактырып,
Калаарын да билем анан бат сынып.
Актанбайын бирок ашык мен үчүн,
Жазалаба, жазалаба жат сынып.

Дене сыңар муздап калган жаны жок,
Сенсиз мага бул өмүрдүн таңы жок.
Жайнап турсаң жарыгым ай, жарыгым,
Сен болбосоң аалам кара агы жок.

Саяпкерге таптоо таттуу күлүгүн,
Карыптарга токоч таттуу бир үзүм.
Ширинди гиширбет болуп таңдайга,
Сага айланган менин таттуу үмүтүм.

Ооба сенсиң менин оттуу жанарым,
А мен сенин жарыгыңда жанайын.
Айкөл болуп кечирип кой, суранам
Бүгүн түнү кечиримге барайын.

Жашым жамгыр көнөктөтүп төгөйүн,
Жазылдым деп жаркырачы көрөйүн.
Жаз таңындай нур төгүлгөн көздөрүң,
Сагындым го көздөрүңдөн өбөйүн.

## Көрсөм болду

Кыялым араң баскан нар сыңары,
Кыйналып тосчу болдум ар бир таңды.
Жаңылып калбас үчүн санак кылам,
Жарым ай күттүм дагы калды жармы.

Эсимди эңгиретип күтүү жооруп,
Эс-акыл андан кийин үмүт ооруп.
Баягы кызыл жүзүм кубарыңкы,
Сагыныч санаасынан барам соолуп.

Кеткениң, келээриңди күндө санап,
Жарыгым чама-чаркым жетпей барат.
Жебедей сен тарапка учкум келет,
Куштардан сурап алып сыйкыр канат.

А сенчи күтөсүңбү карап жолду?
А балким сезимдердин баары тоңду.
Эх мейли, кандай болуп өзгөрсөң да,
Кайрадан карааныңды көрсөм болду.

## Үнсүздүк

Көптөн бери бир түйүндү чече албай,
Түрмөк сырдын түпкүрүнө жете албай.
Ай айланса улам батам азапка,
Же өзүңдөн биротоло кете албай.

Оргуштаган ойлорумду бура албай,
Же өзүңдөн күткөн сөзүм уга албай.
Убайым жейм убакыттар узарып,
Же өзүңө жүрөгүмдү суна албай.

Көөдөнгө кусалык сөз турса батпай,
Жолугуп ажырайбыз неге үн катпай.
Кыйноодо тумчуктурган үнсүздүктүн,
Түшүнбөй түйшөлөмүн жообун таппай.

## Көктөмдө

Дарегиме айтылса да кыйла кеп,
Кулагымдансырткетиремэшитпей.
Көчө тиктеп күдөр үзбөй уланам,
Кайтчы жаным, кайтчы жаздан кечикпей.

Көктөм үнү добул какса дүрбөлөң,
Демейдеги наркы күчтүү сый жаным.
Дабан ашып өзүң үчүн бел байлап,
Бузгум келет пенделиктин мыйзамын.

Айткан айтаар азды, тайды, жазды деп,
Көрбөсө анан азабымды иши эмне.
Бой сала албай башкаларга көңүлүм,
Жакшы күндөр байлап алган кишенде.

Атыңды атап күндө нечен жалынам,
Көңүлүмө түйүп алган ырымдай.
Каухардай берметтелген сезимди,
Көмүскөгө жашыруунун кыйыны ай.

Жарып чыкты бүгүн айтып жар салдым,
Көрө албастын күбүрүнө терикпей.
Сүйөм дедим-сөзүм сага таандык,
Кайтчы жаным, кайтчы жаздан кечикпей.

## Өксүп калды чечимим

Ишеничти ийне жипке саптадым,
Ийип сырым баарын ачтым катпадым.
Имерилип айланчыктап турсам да,
Билбейм сага кай жеримден жакпадым.

Билгендерге боло турган барктаса,
Бермет сүйүү тартууладым таптаза.
Мээрим төгүп маңдайында турсам да,
Кетем дейсиң кежирленип башкага.

Узун кирпик каректериң талбаган,
Укуруксуз уйку бузуп арбаган.
Убакыттын сыноосунан кыйрады,
Урап сүйүү гүлзар болуп алдаган.

Көпчүлүктүн агымынан сандаган,
Көңүл кушу толуп сени тандагам.
Сага жакшы болгум келген, а бирок
Сага кантип жакшы кыл деп жалбарам.

Күчүн билбей күтүп турган кечүүнүн,
Кыялымда жакшың болом дечүмүн.
Көрсө турмуш катаал тура бир канча,
Кыр аша албай өксүп калды чечимим.

## Кайрымы жок махабат

Мага мендей сиңип алса билинбей,
Түнөк кылса жүрөгүмдү үйүндөй.
Мен да сүйгөм сезимиме сүрдүгүп,
Акылым жетпейт, анан калдым сүйүлбөй.

Таканчыктап аяр басып келаткам,
Тайдым  тагдыр неге дагы өрүңдөн.
Арзуу берген ажарымды өчүрдүң,
Азабыңдан аздым жылдыз өңүмдөн.

Барымтада, байлоодогу кулундай,
Ноктолонуп үмүт желбей элирген.
Күндө  беш маал сен көркүнө чыгарчу,
Кызыл кетти кер-сар тартып эринден.

Кечти күтүп келериңе сүйүнбөй,
Жарык күнүм күңүрт тарткан иңирдей.
Калды менде чечилбеген махабат
Кайтармасы окулбаган түйүндөй.

## Күтүү

Күдөрүм күтүп жатса жатка кыйбай,
Күндөрдүн аралыгы узак жылдай.
Мелтиреп чыдамымды чарк айлантып,
Маалкыйт минуталар жылып жылбай.

Демейде чык-чык этип турчу тынбай,
Таш саат токтогонбу кыймыл кылбай.
Түгөнгүр тарс жарылып кетчүдөймүн,
Токтоолук көөдөнүмө такыр сыйбай.

Тынчыта албай эрмек болуп чыккан ай,
Эрким улам жукарууда жупкадай.
Кызганчу элем карыш жылсаң жанымдан,
Азыр тозок түн күзөтөм уктабай.

## Өзгөрөм

Күлкү, ыйдын кезегиби, же балким,
Кууралыбы жыргалымдын өгүнкү.
Кубанычка толуп турган кечээ эле,
Көңүл бүркөк, бүгүн төмөн чөгүңкү.

Ачуу жаштар тоголонуп каректен,
Сур жүзүмдү жууп жатты сабалап.
Сырттан карап аябадым өзүмдү,
Ыйла дедим, ыйла дедим табалап.

Бийик туткан максатымды ураткан,
Көнөктөгөн көз жашымды тыйбадым.
Сүйдүң бирок сыйланбады сезимиң,
Арың барбы ыйла бүгүн, ыйлагын.

Өзүмө – өзүм дедим да анан нөшөрлөп,
Соолуганча тынбай түнү ыйладым.
Таң агарса такыр башка өзгөрөм,
Жетет болду жетишээрлик кыйнадың.

## Айтпай калгам...

Өрнөктүү көчтөн калган,
Өмүрлөр өтөт жалган.
Өрттөгөн сырларымды,
Өкүнөм айтпай калгам.

Өзүмдөн өзүм тангам,
Чынында күйгөм-жангам.
Коштошоор мезгилиңде,
Кыйла сөз айтпай калгам.

Бузулбас сары алтындай,
Булактын башатындай.
Бир сезим бөлүнгөндө,
Бүлүнгөм жаш акындай,
Кан тамыр сай тараган,
Кыйла сөз кайталагам.
Кетпе-деп кетээриңде,
Кыйылып айта албагам.

Дилгирлик жайым бардан,
Деминден демөөр алгам.
Дилимди төгөөрүмдө,
Дудуктай тилден калгам.

Таштalып улам арыш,
“Калп эле кылгам намыс”.
Көңүлүм кыйкырууда,
Карааның узайт алыс.

Күттүмбү? Күттүм окшойт,
Анакей азыр токтойт.
Мен үчүн кымбат ордуң,
Кечиккен жашым жоктойт.
Өрт жалын куйкалаган,
Өтүнүп чуркабагам.
Өңүрүң кармап калбай,
Өксүүгө уйпаланам.

## Алыстык жана жакындык

Ортобуз алыс дагы, жакын дагы,
Белгисиз ойлорумдун орундары.
Куш болдум эркин учуп кете албаган,
Үзүлбөс үмүттөрдүн торундагы.

Канчалык аракетим кылсам дагы,
Жакындын алыстыгы жоюлбады.
Элестей ортобузда калып барат,
Аптаптай өткөн күндүн сонундары.

Өзүмдөн алыстыкты тансам дагы,
Өзүңө эрким байлап барсам дагы.
Сезимдер түпкүрүндө жакындашып,
Негедир баштагыдай жана албады.

Алыстык жакын жүрүп алыс болуу,
Буюкту айыкпаган арзуу оору.
Жакынды жандырууга дагы барам,
Махабат мээримдүү бол ушул жолу.

## Жоготуу

Балбылдап күйүп жанган эки көздөн,
Башканын баарын такыр унуткандай.
Сезимим бүтүн бирок бөлүнгөндөй,
Тепселип барчаланып сынык калбай.

Кадалгандай кадалып турам кайда,
Бут коюп турган жерим өрбү, түзбү?
Суукпу, же ысыкпы, сезбейм неге,
Мезгилдин кайсы учуру? Жазбы, күзбү?

Таңбы, же кечпи билбейм, айтор кызык,
Айланам тарабаган боппоз туман.
Көз болчу таягы жок кайсалаган,
Сокурдай багытымды таппай турам.

Ким элем, ким болмокмун, кандай элем?
Кай тарап, барчу жагым алдым-артым.
Оңдобу же солдобу чыгыш батыш,
Учурумдун учугун таппай таңмын.

Акактап таңдай катып чарчагансыйм,
Атаандашып алыска жүгүргөндөй.
Адашкансыйм жообум жок качан кантип,
Кечээ менен эртеңим үзүлгөндөй.

Буюккан жан өрттөнүп күйүп турат,
Бурганактап башымда орошон ой.
Булкуп согуп жүрөгүм бир башкача,
Кыязында кымбатын жоготкондой.

## Күтүү чыдамы

Байланганбы жебеси эмне курган,
Болжогон саат онго жетпей улам.
Бактылуу кездешүүнүн вальсын ойноп,
Баладай кыялымда сызам учам.

Сабырыма коюлган калды ченем,
Капырай деги ушунча шашма белем?
Арбыбайт демейдеги чакырым жол,
Чуркасамбы, канткенде эрте жетем?

Кубанычым кубаттап энтелесем,
Сагындыңбы? Сен деле эртелесең.
Жуулат жумбай кирпик аткан түндөр,
Жаркылдап баягыдай эркелесем.

Кечикпей барып сени көрсөм экен,
Көлкүгөн көңүлүмдү төксөм экен,
Кыздарды кызгандырып тосуп чыгып,
Кучактап эриниңден өпсөм экен.

## Төрт саптар

Күүгүмдө күн издетип карайлатпай,
Күтүүгө күдөрүмдү табалатпай.
Ааламга ай тийгендей караңгыда,
Көрсөтчү көздөрүңдү карагаттай.

* * *

Арзуум ай, түркүн түрдүү санааларды,
Салдың да, сезимимди аябадың.
Күйдүргү көкүрөктө калмай болду,
Күзү жок музга айланган махабатым.

* * *

Пешенемби, таалайымбы чийилген?
Махабатты издеп мурда кийинден.
Анан сага, зор сүйүүгө кабылдым,
Адаштырба адашпайын изиңден.

* * *

Дүк-дүк анан дүбүрт дүрбөлөң,
Эске салып күлүктөрдүн жарышын.
Тыңшап көрчү, балким сезимиң ойгоноор,
Тыңшап көрчү, жүрөгүмдүн кагышын.

* * *

Көңүлүмдү көп күттүрүп сагынтпай,
Үлүшүмдөй өзү келген чакыртпай.
Ашыгым ай акыретке кеткенче
Азабыңды тартуу мага бакыттай.

* * *

Жаныма кубат болчу мүрөгүмсүң,
Кыяматта шам болуп күйөөрүм чын.
Өзүмдү мен өзүңө арнап койгом,
Өзүңдү сүйөөрүм, чын сүйөөрүм чын.

* * *

Чырмалышып чечилбеген чексиз ойдой,
Түйшүктөр түгөнбөгөн түрмөк жолдой.
Кыйнадың карып болдум кыя белде,
Токточу жалган үмүт закым болбой.

* * *

Жер жүзүнө жебе болуп кыялым,
Жорго салып жортуп кетет тентегим.
Жакшылардын жүрөгүнө сүртүнүп,
Жомокторго айландырат эртеңин.

## Таарыныч

Жүрөгүмдүн чети муздап асылым,
Жазылаарда жазылбады жаңы ырым.
Көңүлүмө бир көлөкө түшүрдүң,
Кантем анан, бүгүн сага таарындым.

Сактайын деп жакшы күнүн жазымдын,
Сага такыр келген эмес таарынгым.
Бүрдөп турган бутагымды сындырдың,
Бүгүн сага чыны менен таарындым.

* * *

Сезимдер кээде бизди оолуктуруп,
Толкундар бороон болуп жолуктуруп.
Шарп этип, кайрадан бат тынчый түшөт,
Мас болгон бакытымдан соолуктуруп.

Өзүмдү мен өзүнө кылып белек,
Соолукпай ушул бойдон калгым келет.
Кармашып калуу үчүн экөөбүзгө,
Бороондой басылбаган эргүү керек.

* * *

Кулптуу сандык сыңарындай келбетим,
Чек чыгарбайт көргөн көздү бурмалап.
Тоготпогон токтоолук жок сыртымдай,
Албууттанып жан дүйнөмдө бурганак.

Көрүнбөгөн көңүл ооруп турса да,
Көп ичинде катар басат сөөлөтүм.
Кара курсак тойгон менен күнүгө,
Кемип такыр тойбой жүрөт көөдөнүм.

## Аярлачы махабат алыс кетпей

Жарыгынан жаркырап жанып турган,
Жашырып араң гана шоола сунган.
Акактап арыш керип чуркасам да,
Ансайын алыс сызат арзуу буудан.

Жалгаштырып сүзүлгөн жерин эптей,
Жарышып үмүтүмдүн жолун беттей.
Шамалдай ылдамдыкта шашсам дагы,
Шүүдүрүмдө өзүңө калам жетпей.

Жолтоо болуп жолумда күнгө тескей,
Шайым ооду шайырдык жардам этпей.
Чыгынып мен дагы бир күч жыйнайын,
Аярлачы махабат алыс кетпей.

Сайра Батыркулова

# СҮЙҮҮ КӨКТӨМҮ
*(ырлар)*

*Редакторлор*: М. Ааматов,
С. Кубатова,
С. Асантур уулу
*Компьютердик калыпка салган:* Н. Рымбекова
*Мукабасынын дизайны:* Ж. Курмушуева

Мукабада М. Монолдоровдун сүрөтү колдонулду

Басууга 06.04.2012-ж. кол коюлду.
Форматы: 14,8х21

Көлөмү: 3,3 эсептик басма табак
Нускасы: 115 даана

Китеп Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду жана "Нурборбор" Эл аралык чыгармачылык академиясы тарабынан сунушталды.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын (Кыргызпатент) Материалдарды даярдоо жана полиграфия башкармалыгында басмага даярдалып, басылып чыкты.

**БАТЫРКУЛОВА САЙРА БАБАНОВНА**

*Токтогул районунун Чоң -Арык айылында 1980-жылдын 5-апрелинде туулган. 1986-1996- ж ж. Коргол атындагы орто мектептен, 1996-2001- ж ж.*

*Б. Бейшеналиева атындагы көркөм өнөр институтунан (театр жана кино бөлүмүндө, актердук кесип боюнча) билим алган.*

*2001-2004 –ж ж. Чүй областтык драма театрында, 2004-2009-жж. «XX1-кылым», «Белес» радиолорунда (УТРК) кабарчы, алып баруучу,*

*2010-ж. (КТРК) «Биринчи радио» кабарчы болуп иштеп келүүдө.*

*2003 -ж. Бишкектеги биринчи «АРТ-ОРДО» театралдык фестивалдын катышуучусу. Б. Кыдыкеева атындагы сыйлыктын лауреаты. Чыгармачыл жаштардын республикалык «Нурборбор» бирикмесинин мүчөсү.*